**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**БАТКЕН ОБЛУСУ**
**КАДАМЖАЙ РАЙОНУНУН**
**ИСХАК-ПОЛОТХАН АЙЫЛ**
**АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК**
**КЕҢЕШИ**
Isкhak_polothan@mail.ru

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**КАДАМЖАЙСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ**
**ИСХАК-ПОЛОТХАНСКОГО**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**
Isкhak_polothan@mail.ru

**Исхак-Полотхан айыл аймагынын айылдык кеңешинин сегизинчи чакырылыш кезектеги 3-сессиясы**

## ТОКТОМ №11

**23.01. 2025-жыл.** **Жениш айылы.**

**Исхак-Полотхан айыл аймагындагы Ак-Өргө айылынын түштүк батыш тарабынан 500,0 га жер аянты “Айыл чарба” категориясынан “Калктуу конуштардын” категориясына которулуп жаткан жер аянтты турак жайга берүүгө, чектик өлчөмүн бекитүү жөнүндө.**

Исхак-Полотхан айыл аймагынын айылдык кеңешинин сегизинчи чакырылышынын кезектеги үчүнчү сессиясына сунушталган, Исхак-Полотхан айыл аймагынын айылдык кеңешинин айыл чарба, жер, муниципалдык менчик, архитектура, курулуш жана транспорт боюнча туруктуу комиссиясынын чечимин талкуулап чыгып, Кыргыз Республикасынын Жер кодексинин 18-беренесине ылайык, Исхак-Полотхан айыл аймагынын айылдык кеңеши токтом кылат:

1. Исхак-Полотхан айыл аймагындагы Ак-Өргө айылынын түштүк батыш тарабынан №543-контурундагы 12,1 га, №558-контурундагы 80,4 га, №557-контурундагы 19,5 га, №553-контурундагы 136,3 га, №549-контурундагы 115,5 га жана №548-контурундагы 136,2 га жалпы: 500,0 га жер аянтын “Айыл чарба” категориясынан “ Калктуу конуштардын” категориясына которууга (трансформацияга) макулдук берилсин.
2. 500,0 га жер аянтынын 400,0 гектары турак жай куруу үчүн жеке жактардын менчигине берилүүчү жер участокторун чектик өлчөмү 0,10 га деп аныкталсын, калган 100,0 га жер аянты мамлекеттик ипотекалык компаниясына көп кабаттуу үйлөрдү курууга бөлүнүп берилсин.

3. Токтомду Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте аткарууга алуу жагы, Исхак-Полотхан айыл өкмөтүнүн башчысы А. Мамасалиевге милдеттендирилсин.

4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Исхак-Полотхан айыл аймагынын айылдык кеңештин айыл чарба, жер, муниципалдык менчик, архитектура, курулуш жана транспорт боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

5. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын жана айылдык кеңештин регламентинин талаптарына ылайык, ушул токтомду Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин ченемдик укуктук актыларынын реестрине каттоо жагы, айылдык кеңештин жооптуу катчысы А.Араповага милдеттендирилсин.

**Төрага:** **Г.Матажиев**